**СУЗАК ОКРУГДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН КЕҢЕШМЕСИНИН № 150-ПРОТОКОЛУ**

**Сузак айылы** **04.12.2021**

Комиссия мүчөлөрүнүн жалпы саны: 12
Кеңешмеге катышкандардын саны: 11

Күн тартиби:

1. "КООМАР Медиа" коомдук фондунан түшкөн арыз жөнүндө

Күн тартибиндеги маселе боюнча округдук шайлоо комиссиясынын төрайымы төмөндөгүлөргө токтолду:
2021-жылдын 1-декабрында Сузак ОШКсына "КООМАР Медиа" коомдук фондунан даттануу келип түшкөн. Ал даттанууда райондогу № 2382-шайлоо участкасында добуш берүү учурунда эки жолу добуш берүүнүн жашыруундугу сакталбаганын жазган.

Бул боюнча №2-шайлоо участогунун төрагасы Токсонбаев Байыштын айтуусунда бир жолу аялы менен күйөөсү келип, күйөөсү шайлоо бюллетенин кандай толтурууну билбестигин, аялы жардамдашуусуна уруксат сураган. Экинчи көрүнүштө келин кайын энесин жана кошуна кемпирди шайлоого алып келгенин, кайын энеси көзү жакшы көрбөстүгүн айтып, келини жардамдашуусуна уруксат сурап, кабинага чогуу келишкен.Төрага УШК мүчөлөрүнө, байкоочуларга билдирип, шайлоо бюллетенин алып кабинага, урнага чогуу бара берүүсүнө уруксат берген. Бул күнү шайлоо участогундагы добуш берүүгө байкоо жүргүзүү үчүн "КООМАР Медиа" коомдук фондунун байкоочсунан башка "Жарандык демилге" коомдук фондунун да байкоочусу катышкан.Алар добуштарды кол менен эсептөө жыйынтыгы чыккыча катышып, даттануу жок экенин айтып, эч кандай жазуу түрүндө билдирүү калтырышкан эмес.

Сузак ОШКсы күн тартибиндеги маселени талкуулап, "КРнын Президентин жана КР.ЖКнын депутаттарын шайлоо жөнүндө" КРнын Конституциялык Мыйзамынын 31-беренесинин 10 бөлүмүннө ылайык шайлоо бюллетенин толтурууга мүмкүнчүлүгү болбогон учурда башка бир шайлоочу УШКнын төрагасына оозеки билдирип, анын макулдугу менен жардам берүүгө укуктуу экендигин билдиришти.

Күн тартибиндеги маселени талкуулап Сузак ОШКсы төмөнкүдөй

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. № 2382-шайлоо участкасындагы көрүнүш мыйзам бузуу болуп таанылбасын

**Сузак окуругдук шайлоо комиссиясынын төрагасы:** **Сапарова Г.**

**Катчы:** **Карымбаев А.Т.**

ОКРУГДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ №13 ОКРУЖНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ